Педагогикалык кеңешмеде каралды

Протокол

№1 03.09.22

БЕКИТЕМ
№98 ОЖББМнин директору

_______ К.У. Урматов

"03" 09 2022 ж.

# №98 орто жалпы билим берүү мектебинин класс жетекчилер кеңеши жөнүндө

# ЖОБО

***1. Жалпы жоболор***

1. Тарбиялык иштердин жүрүшүн жакшыртуу максатында жетекчилер кенеши түзүлөт жана укуктары аныкталат.
2. Класс жетекчилер кенешинин түзүмү мектептеги окуучулардын санына жараша болот.
3. Класс жетекчилер кеңешинин мүчөлөрүн директордун тарбия иштери боюнча орун басары сунуштай алат, же болбосо класс жетекчилер чогулушунда мугалимдердин сунушу жана чечими менен аныкталат.
4. Сунушталган мугалимдерди мектеп директору бекитет.

***2. Максаты:***

1. Тарбия иштеринин жүрүшүн усулдук жактан жетектоо
2. Ата-энелер менен кызматташуунун денгээлин жогорулатуу;
3. Класстык жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүнүн сапатын жакшыртуу;
4. Окуучулардын мекенчил, толеранттуу, компетенттүү инсан болуп тарбияланышына өбөлгө түзүү.

***3. Милдети:***

1. Класс жетекчилерге усулдук жардам көрсөтүү
2. Тарбия иштерин уюштурууга көмөк көрсөтүү;
3. Тарбия иштери боюнча тажрыйба алмашууну камсыздоо
4. Тарбиялык максаттагы иш-чаралардын уюштурулушун камсыздоо.

***4. Укуктары:***

1. Тарбиялык иштердин жүрүшүн көзөмөлгө алууга.
2. Класс жетекчилердин кагаздарын текшерүүгө;
3. Тарбиялык иштердин планын түзүүдө өз сунуштарын киргизүүгө:
4. Мектеп ичинде өткөрүлгөн ар кандай тарбиялык максаттагы сынактарды, таймаштарды
5. баалоого катышууга,
6. Класс жетекчилердин ишин класс жетекчилер кеңешмесинде кароого

***5. Билүүгө тийиш:***

1. КРнын конституциясын жана символикаларын:
2. Балдардын укугунун конвенциясын;
3. Билим жана илим министрлигинин нормативдик документтери;
4. КРнын Билим берүү жана мугалимдин статусу жөнүндөгү мыйзамды.
5. Тарбиялоонун жана класстык сааттарды өтүүнүн заманбап технологияларын